

## ИШЕМКУЛОВ ТИЛЕКТЕШ ИШЕМКУЛОВИЧ

**Урматтуу Тилектеш Ишемкулович!**

Бишкек мамлекеттик университетинин жамааты Сизди 85 жылдык куттуу маарекеңиз менен чын дилибизден куттуктайбыз! Сиздин өмүр жолуңуз – кыргыз журналистикасынын, билим берүүсүнүн жана мамлекеттик башкаруунун жаркын барактарын камтыган, үзгүлтүксүз изденүүнүн жана кызматка берилгендиктин үлгүсү.

Сиз өмүрүңүздү элге, билимге жана калемге арнадыңыз. Пржевальск мамлекеттик педагогикалык институтун, Москвадагы ВЛКСМ БКнын Борбордук комсомол мектебин жана КПСС БКнын Коомдук илимдер академиясын артыкчылык дипломдору менен аяктап, билимге болгон умтулууңузду дайыма көрсөтүп келдиңиз.

Сиздин эмгек жолуңуз ар тараптуу жана бай: мугалимдиктен баштап, комсомол жана партия кызматтарында, Кыргыз ССР Министрлер Советинин алдындагы Главлиттин жетекчиси, «Советтик Кыргызстан» («Кыргыз Туусу») гезитинин башкы редактору, Журналисттер союзунун төрагасы, СССР Журналисттер союзунун катчысы сыяктуу жооптуу кызматтарды аркаладыңыз. Эгемендик доорунда Кыргызстандын Казакстандагы биринчи элчиси катары мамлекетибиздин Эл аралык аренадагы кадыр-баркын көтөрүүгө зор салым коштуңуз.

Өзгөчө белгилей кетчү жагдай, Сиздин кыргыз журналистикасынын академиялык өнүгүүсүнө кошкон салымыңыз. 1996-жылы Бишкек гуманитардык университетинде (азыркы Бишкек мамлекеттик университети) журналистика адистиги ачылганда, Сиз кафедра башчысы болуп дайындалып, бул багытты нөлдөн баштап көтөрүп, өзүнчө факультетке айланышына негиз түздүңүз. Таланттуу мугалимдерди тартып, жаш кадрларды тарбиялап, университетте журналистика кафедрасынын аброюн көтөргөн инсансыз. Сиз Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, Кыргыз парламентинин эки жолку чакырылышынын депутаты катары да элге ак эмгек менен кызмат кылдыңыз.

Сиздин адамдык сапаттарыңыз да биз үчүн үлгү: таң эрте туруп эмгектенген, тынымсыз жазган, кыргызча да, орусча да мыкты жазган, чечен, тамашакөй, жарык жүздүү, позитивдүү маанай тартуулаган инсансыз. Студенттерге билимиңиз-

ди, тажрыйбаңызды, турмуштук көрөңгөңүздү аябастан берип, аларды ой жүгүртүүгө, өз алдынча анализ кылууга үйрөтөсүз. Комуз чертип, ыр жазып, маданияттын ар тараптуу өкүлү экениңизди да көрсөтүп келесиз. Сиз кызмат абалыңызга карабай ар бир адамга сый менен мамиле кылганыңыз – чыныгы аристократтык маданияттын үлгүсү.

85 жаш курагыңызда да чыгармачылыктан алыстабай, лекция окуп, макала жазып, эскерүү китептерин даярдап жатканыңыз бизди кубандырат. Эстутумуңуз курч, Чыңгыз Айтматов сыяктуу улуу инсандар менен иштешкен учурларыңызды кызыктуу баяндап, жаш муундарга тарыхтын тирүү сабагын берип келесиз. Сиз – кыргыз маданиятынын, журналистикасынын тирүү энциклопедиясы, билим элчиси, адамдык улуулук менен жөнөкөйлүктүн символусуз. Сиздин эмгегиңиз, калем ишиңиз, инсандык бейнеңиз кыргыз элинин руханий тарыхында өз ордун татыктуу ээлейт.

Тилектеш Ишемкулович, Сизге бекем ден соолук, узун өмүр, чыгармачылык ийгиликтерди жана бакубат жашоо каалайбыз!

**Тереӊ урматтоо менен, академик К. Карасаев атындагы**
**Бишкек мамлекеттик университетинин жамааты**